*Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, 2026, №3, бб. 69-75
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.7
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# Исхак Раззаковдун Өзбек ССРиндеги коомдук-саясий ишмердүүлүгү

**Султанова Махпуратхон Шакировна**
*т.и.к., доцент, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан*
**Абдрасул кызы Махабат**
*магистрант, Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан, abdyrasulovamahabat1@gmail.com*

**Аннотация**

Бул макалада коомдук-саясий ишмер Исхак Раззаковдун (1910-1979-жж) Өзбек ССРиндеги коомдук-саясий ишмердүүлүгү жөнүндө айтылган. И. Раззаковдун Ходжент, Ташкент шаарыларындагы мектеп интернаттарында тарбияланып, Ташкенттеги И.Сталин атындагы педагогикалык техникумдан билим алып, андан кийин Москвадагы пландоо институтун ийгиликтүү аяктап, эмгек жолун Өзбек республикасынан баштап, ал жакта 1945-жылга чейин жогорку кызматтарды аркалап, өлкөнүн өнүгүүсүнө кошкон салымдары жөнүндө сөз болот.

**Ачкыч сөздөр:** Исхак Раззаков, Өзбек ССР, мамлекеттик пландоо, эвакуация, өнөр жай, Өзбекстан

**Шилтеме үчүн:** Султанова М.Ш., Абдрасул кызы М. (2026). Исхак Раззаковдун Өзбек ССРиндеги коомдук-саясий ишмердүүлүгү. *Евразия изилдөөлөрү ачык журналы*, №3, бб. 69-75. doi: 10.65469/eijournal.2026.3.7

## Киришүү

Бүгүнкү көз карандысыз Кыргыз Республикасы болуп, эркиндигибизди өз колубузга алып, өз алдынча мамлекет болуп өнүгүп отурган күнгө канчалаган инсандардын ак эмгеги, тунук акылы, чың ден-соолугу, узак өмүрлөрү  сарпталган. Н.Рерих “Өткөндүн таш дубалдары, келечектин бийик тепкичтери”- деп айткандай, бул мамлекеттүүлүктүн бийик сересине жетиш үчүн, аны максат кылып, ага умтулуп нечендеген инсандарыбыз бул дүйнөдөн өткөн. Элин, жерин сүйүп, аны өркүндөтүү үчүн умтулган, бирок ошол эмгектин акыбетин көрбөй кеткен инсандарыбыз карт тарыхыбыздын ак барактарында калып келүүдө. Ушундай инсандарыбыздын көрүнүктүүсү, кыргыздын чыгаан мамлекеттик ишмери И.Раззаков. И.Раззаковдун ишмердүүлүгү тоталитардык түзүлүштүн, идеологиянын күч алган учуруна туш болуп, мезгилинде өз баасын ала албай келсе, эгемендүүлүктүн шарапаты менен өз тарыхыбызды өзүбүз изилдеп, туура баа берип “акта ак”, көктү көк” дей турган мезгилде жашап жатабыз.Эгемендүүлүктүн шартында ар бир эл, ар бир улут өзүнүн баасыз кеткен улуу

© The Author(s) 2026.
This article is an open access article distributed under the terms and conditions of the Creative Commons Attribution (CC BY) license (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/).

инсандары изилдөө, иликтөо учурдун талабы. “Эл душманы” атыгып өз элинен четте жүрүп, сөөгү да чет өлкөдө калган, эл эмгегинен эскерген улуу инсан И.Раззаковдун саясий-мамлекеттик ишмердүүлүгүн иликтеп, изилдөө анын үлгүсүндө жаш муундарды тарбиялоого татыктуу.

Өзбек, казак, татар жана орус тилдеринде эркин сүйлөгөн Исхак Раззаков алардын маданияты менен да тааныш болгондуктан, Өзбекстанда да, Россияда да өз билимине, эмгек ишмердүүлүгүнө тактыгын көрсөтө алган. Ал өз учурунун чыгаан ишмери гана эмес, келечекти көрө билген инсан болгон.

И.Раззаков 1910-жылы Ош областынын Лейлек районундагы Корсон айылында шахтёрдун үй-бүлөсүндө туулган. 1913-жылы ал энеси Жамиладан 1918-жылы атасынан ажырап, жетим калган. 1918-жылы Ходжент шаарындагы балдар үйүнө жиберишкен. Окуунун отличниги катары 1923-жылы И.Раззаковду Ташкенттеги интернатка которушкан. 1925-жылы өзбек агартуу техникумуна кирип, аны 1929-жылы декабрда эң жакшы баалар менен бүтүргөн [1]. Окуп жүргөн мезгилинде анын уюштуруучулук жөндөмүн, студенттердин арасындагы кадыр-баркын, эмгекчилдигин, адамгерчилик сапатын эске алып, коом таануучулук боюнча окутуучулук кызматка алып калат [2]. И.Раззаков бул техникумда 1931-жылдын июлуна чейин иштеген. 1931-жылы августта И.Раззаков СССР Мамлекеттик пландоо комитетинин Москвадагы пландоо институтуна кирип, аны 1936-жылы январда бүтүргөн. Раззаковдун доору Совет дооруна туш келгендиктен 1936-жылы Москвадагы Пландоо Институтун бүткөндөн кийин мамлекеттик ишмер катары эмгек жолун өзү тарбияланып, билим алган Өзбекстандагы эң ири Фергана областынын облпланынын төрагасы (1936-1939-жылдар) Өзбек ССР Мамлекеттик пландоо комитетинин төрагасынын орун басары, андан кийин Төрагасы (1939-1941-жылдар), Өзбекстандын агартуу боюнча эл комиссары, Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары (1941-1944-жылдар), Өзбекстан КП(б) БКнын пропаганда жана агитация боюнча секретары (1944-1945-жылдар) болуп иштеген. Өзбекстандын эл чарбасынын көптөгөн тармактарынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Ал орус тилин так сүйлөп, жаза билген жана өзбек, кыргыз тилин эгиз тилдей алып жүргөн. Өзүнүн иш билгилиги, табиятынан берген таланты, жогорку билими жана маданияты менен Өзбекстандын жетекчилеринин арасында чоң абройго ээ болгон. Ошондуктан бүгүнкү күндө анын ысмын Өзбекстанда сыймыктануу менен эскеришет. Өзбекстан партиясынын БКсынын биринчи катчысы Усман Юсупов, Исхак Раззаковду саясий мамлекеттик ишмер катары жогору баалап, улам жоопкерчилиги чоң кызматтарга которуп турган [3].

Бул мезгилдин ичинде И.Раззаковдун саясий турмушунда турмуштук жана профессионалдык ыкмасы өркүндөдү. И.Раззаков Өзбек ССРинин Мампланында пропагандалык иш алып барып, комсомолдук уюмдун чогулуштарында ар түрдүү докладдарды окуп жана комсомолдук кружокту жетектеген. И.Раззаков 1923-жылдан бери ВЛКСМдын мүчөсү болуп эсептелет. Өзбек ССРинин Мампланында иштеп жүргөн мезгилинде өзүн өнөр-жайында жана коомдук иштерде активдүү уюштуруучу катары көргөзө алды. Мампландын комсомолдук уюму И.Разхзаковду ак ниет, чынчыл комсомол мүчөсү деп билген. И.Раззаковго тапшырылган коомдук иштерди өз убагында жана так аткарат. Мампландык комсомолдук уюмунун жана коллективинин чогулуштарында жасаган докладдарында И.Раззаковду саясий жактан толук даяр экендигин тастыктайт [4].

И.Раззаков 1939-жылы 22-июнда партиянын катарына өтүү менен катар өзүнүн келечегине даңгыр жол ачты. Инсандык өздүк өнүгүү баскычында жана ири мамлекеттек масштабдагы ишмер болуп калыптанышына ишеним пайда болду. Партиянын катарына өтүү И.Раззаковдун тагдырында андан аркы ишмердигинин уланышы үчүн чечүүчү мааниге ээ болгон.

Чынчылдык жана эмгекчилдик, жөнөкөлүк жана көрө билгендик ж.б. И.Раззаковдун жана өздүк сапаттары 1939—жылдын декабрь айында Ташкент шаардык советинин депутаттыгына жеткирди [5].

Профессионализм, терең билими, жетик акылы, адамгерчилик мээрими, көрөгөчтүгү жана уюштуруучулук жөндөмү, ачык маанай жагымдуулугу менен чынчылдыгында башкаларга таасир өткөрүү, ээрчитүү, шыктандыруу жөндөмүнө ээ болгон. Бул сапаттар ага көп иштерди жасоого жардам берди. Көптөгөн ири онөр-жай жана окуу тарбия обьектилеринин курулушу жана пландаштырылышы рационалдуу ишке ашты. Булардын баары элдин турмуш-абалын көтөрүү максатында жүргүзүлдү. Өзбек ССРинин Мампланынын төрагасы болуу жыйырма тогуз жаштагы кыргыз үчүн теңдешсиз бийиктик эле.

1940-жылы Өзбек ССРинин Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары, 1941-44-жылдары Өзбек ССР Эл Агартуу Комиссариатынын Эл Комиссары, ошол эле мезгилде Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасынын орун басары болуп иштейт [6]. Бул кызматта иштеген мезгилде Улуу Ата Мекендик согуштун башталган мезгилине туш келет.

Бул мезгилдеги ишмердиги туурасында И.Раззаковдун өзү мындайча эскерет: “Суткасына он беш он сегиз саатка чейин иштөөгө туура келген, кээде таптакыр уктоочу эмеспиз. Биргана республика үчүн кам көрбой, бүтүндөй өлкө үчүн кам көрөор элек. Канкор душманга каршы жалпыбыздын милдетибиз эле.Ар бир ийгилик, ар бир жеңиш үчүн биз кандай сүйүндүк. Турмуштун оор шартына, тамак-аш, кийим-кече жетишпегендигине карабай баардыгы жеңиш үчүн деген энтузиазм баарыбызда бар эле, бул кыйын кезең жылдарды азырга чейин өзгөчө бир маанайда эскерем [7].

Чындыгында абал өтө татаал болгон. Орто Азияда Советтер Союзунун өндүрүштүк ишканалары эвокуацияланган. Окуу тарбия ишканалары жана маданий ишканалар, архив, музейлер, илимий изилдөө институту көчүрүлүп келинген. Кутүлбөгөн жерден фашисттердин кол салуусу Өзбекстанга жүзгө жакын өндүрүш мекемелеринин өндүрүш тетиктери жана инженердик-техникалык кызматкерлеринин, ошондой эле жумушчулардын жамааттары менен бирге тез аранын ичинде эвокуацияланышынын зарылдыгын жаратты. Жети жүзгө жакын Академиялык институттар, жогорку окуу жайлары, китепканалар, музейлер, киностудиялар, акындар, окумуштуулар, жазуучулар да бул жакка келишкен. Душман тарабынан басып алынган Россиянын областарынан, Белоруссиядан, Балтика боюнан тоголок жетим калган эки жүз элүү миң балдарды эшалондор менен алып келишкен.Бардыгын убакыт созбой жайгаштырып, кимдин кай жерде иштеп, жашашын аныкташ керек эле. Ага кошумча кеч күздүн каардуу шарты иштин жүрүшүн татаалдаштырган. Заводдун тетиктери ишке киргизилип, продукция өндүрүү жолго салынган эле. Илюшкин истребительдери, штурмовиктери, бомбардировшиктери Өзбекстандан чыккан, ал эми паршютка керектүү нерселерди жана согуштагы аскерлердин кийимин Ташкенттин текстиль комбинаты берген. Республикада фронт үчүн эмне пайдалуу болсо ошону чогултуу жана жөнөтүү иши үзгүлтүксүз жүргүзүлүп турган.

Ушул көп турмуштун бардыгын Мампланын жетектеп, жагдайды өздөштүрүүнүн жана даярдалган сунуштардын тактыгын, Өзбекстандын компартиясынын БКнын бюросунда карап, андан кийин ушунчалык тактык менен өз маалында иш жүзүнө ашкан. Ошол мезгилдеги оор жагдайдан мындай республиканын жетекчилеринин чыгышы бул аларга сыймык гана алып келген.

Эвокуацияланып келинген ишканаларды кабыл алуу жана жайгаштыруу боюнча Өзбек ССР Эл Комиссарлар Советинде атайын комиссия түзүлүп И.Раззаков анын мүчөсү болуп калган. Өзбек ССРнин Эл Комиссарлар Советинин жана Компартиясынын Борбордук комитьети 1942-жылы 7-январда эвокуацияланып келген балдарды жана жетим балдарды жайгаштыруу жана тарбиялоо боюнча № 31 чечимин кабыл алат. Ал чечимде: “Республикалык комиссиянын составы төмөндөгү адамдардан түзүлсүн: Абдырахманов Т.Т., Юсупов У., И.Ахунбабаев, Раззаков И” деген пункт бар эле. Ал эми чечимде аныкталган тапшырмаларды аткаруу үчүн республикалык комиссия өзүнүн биринчи заседениесинде өзүнчө дагы беш подкомиссия түзгөн. Алардын ичинен-балдарды жайгаштыруу, катоо жана издөө комиссиясын (бөлүмүн) Өзбек ССРинин Эл Комиссары И.Раззаков жетектеген [8].

Өлкөнүн Европалык бөлүгүндө согуштук абалдын татаалдыгын түшүнүп, Өзбек ССР КП(б)нын бюросу жетим балдарды кабыл алуу жана жайгаштыруу боюнча демилгелердин тизмегин иштеп чыккан. Кам көрүү жетишээрлик деңгээлде болгон. Беллоруссиянын Илимдер Академиясы, Ленинград Консерваториясы, И.Франко атындагы украин драма театры, Ленин комсомолу жана Революция атындагы Москва театры, Еврей мамлекеттик театрынын көчүп келишине шарттарды түзүп берген. Өзбекстанга жазуучулардын чоң тобу келген, алардын арасында А.Толстой, А.Ахматова, Я.Колас ж.б. бар эле [9].

Өзбек ССРинин КП(б) БКнын биринчи катчысы У.Юсуповдун эмгеги чоң болгон. Ал республикага эвокуацияланган ишканаларды мүмкүн болушунча көбүрөк калтыруу жөнүндө Указ кабыл алган. Натыйжада, согуш мезгилинде Өзбекстан эбегейсиз жана чоң тармактуу, индустриялуу республикага айланган. Ошону менен катар бул иштеп жаткан ишканалардын максималдык эффективдүүлүгүн ашырууда Эл Комисссарлар советинин төрагасынын орун басары Совнаркомдун Эл Комиссары И.Раззаковдун эмгеги чоң болгон [10].

И.Раззаковдун Эл Агартуунун, маданияттын өнүгүүсүндөгү кошкон салымы зор. Кан күйгөн согуш маалында элдин көбү фронтто болсо да, ал мектептеги окуучулардын үзгүлтүксүз окуусуна жана илимпоз кадрлардын даярдыгына, аспиранттарынын өнүгүшүнө, басма иштеринин өркүндөшүнө коп көңүл бурган.

И.Раззаков 1944-жылдын 5-майынан 1945-жылдын сентябрына чейин Өзбекстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинде агитация, пропаганда боюнча катчысы жана бюро мүчөсү болуп иштеген [11].

1945-жылы Ата журту Кыргызстанга Кыргыз ССР Министрлер Советинин төрагасы кызматына келген.

Төрт Ленин ордени, биринчи даражадагы Улуу Ата Мекендик согуш, Кызыл Жылдыз ордендери жана медалдар менен сыйланган.

**Адабияттар**


1. Саалаев Ө. Кыргыз элинин тарыхый инсандары.-Б.,2018, 7-б.
2. Конгайтиева За, Тарыхый инсандардын өрнөктүү өмүрлөрү.-Б.,2012,96-б.
3. Саалаев Ө. Кыргыз элинин тарыхый инсандары.-Б.,2018, 8-б.
4. И.Раззаковдун музейинен алынган материалдардан. Мүнөздөмө.
5. И.Раззаковдун музейинен алынган материалдардан. Установление в депутаты. 30-декабрь, 1939-ж.
6. Табышалиев С., Табышалиева А. Исхак Раззаков. Штрихи к портрету.-Б.,1995.с.8
7. Шадиев А., Холжураев Х., Мадаминов Г. Исхак Раззаков.- Б.,2000, 20-б.
8. Марьянновский Г. Книга судеб. –Ташкент, 1988, с.52-62
9. Ресков Б., Седов Г., У.Юсупов. Москва. 1976,с.168
10. Г.Марьяковский “Книга судеб”. –Ташкент, 1998.
11. Шадиев А., Холжураев Х., Мадаминов Г. Исхак Раззаков - Б.,2000, 93-б.

*Открытый журнал евразийских исследований*, 2026, №3, сс. 69-75
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.7
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# Общественно-политическая деятельность Исхака Раззакова в Узбекской ССР

**Султанова Махпуратхон Шакировна**
*к.и.н., доцент, Ошский государственный университет, Кыргызстан*
**Абдрасул кызы Махабат**
*магистрант, Ошский государственный университет, Кыргызстан, abdyrasulovamahabat1@gmail.com*

**Аннотация**

В данной статье рассматривается общественно-политическая деятельность государственного и общественного деятеля Исхака Раззакова (1910-1979 гг.) в Узбекской ССР. Освещаются годы его воспитания в школах-интернатах городов Ходжент и Ташкент, обучение в педагогическом техникуме имени И. Сталина в Ташкенте, а также успешное окончание Московского планового института. В статье анализируется начало его трудовой деятельности в Узбекской республике, где до 1945 года он занимал высокие государственные должности, и раскрывается его вклад в социально-экономическое развитие страны.

**Ключевые слова:** Исхак Раззаков, Узбекская ССР, государственное планирование, эвакуация, промышленность, Узбекистан

*Open Journal of Eurasian Issues*, 2026, no. 3, pp. 69-75
**doi:** 10.65469/eijournal.2026.3.7
eijournal.ilimbilim.kg

ТАРЫХ / ИСТОРИЯ / HISTORY
УДК

# The Socio-Political Activities of Iskhak Razzakov in the Uzbek SSR

**Mahpurathon Shakirovna Sultanova**
*Candidate of Historical Sciences, Associate Professor, Osh State University, Kyrgyzstan*
**Mahabat Abdrasul kyzy**
*Master's Student, Osh State University, Kyrgyzstan*, *abdyrasulovamahabat1@gmail.com*

**Abstract**

This article examines the socio-political activities of the statesman and public figure Iskhak Razzakov (1910–1979) in the Uzbek SSR. The paper highlights his upbringing in boarding schools in the cities of Khujand and Tashkent, his education at the Stalin Pedagogical Technical School in Tashkent, and his successful graduation from the Moscow Planning Institute. The article also discusses the beginning of his professional career in the Uzbek Republic, where he held high-ranking governmental positions until 1945, and examines his contribution to the socio-economic development of the country.

**Keywords:** Iskhak Razzakov, Uzbek SSR, state planning, evacuation, industry, Uzbekistan